# Эл аралык кызматташтык

Эл аралык кызматташтык чет тилдер институтунун ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Чет элдик өнөктөштөр менен жигердүү өз ара аракеттенүүнүн аркасында студенттер жана мугалимдер алмашуу программаларына, тил боюнча стажировкага жана биргелешкен илимий долбоорлорго катышууга мүмкүнчүлүк алышты.



*Эразмус+ программасы*

Институт Пуатье университети (Франция) менен кызматташуу аркылуу Эразмус+ программасына активдүү катышып келет. Студенттер алмашуу студенти катары окуу, ошондой эле чет өлкөдө курстун бир бөлүгүн бүтүрүү менен кош диплом алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Муну менен катар мугалимдер өз тажрыйбалары менен бөлүшүүгө, окутуунун жана котормонун акыркы ыкмаларын үйрөнүүгө шарт түзгөн үзгүлтүксүз стажировкадан өтүп турушат.



*Германиянын университеттери менен кызматташуу*

Германиянын университеттери менен байланыштар DAAD жана Гёте-Институту, ошондой эле Александр фон Гумбольдт программасы аркылуу жүргүзүлөт. Студенттер жана мугалимдер тил көндүмдөрүн өнүктүрүү жана маданий тажрыйбасын байытуу максатында Германиянын университеттеринде стажировкага жана тил курстарына катышышат. Мисалы, чет тилдер институтунун окутуучулары Германияда квалификациялык курстарды үзгүлтүксүз алып турушат, бул өз учурунда билим берүү жана лингвистикадагы акыркы тенденциялардан кабардар болууга мүмкүндүк берет

*Түштүк Корея менен алмашуу программалары*



Акыркы жылдары корей тилине жана маданиятына кызыгуу күчөп, институт Түштүк Кореянын бир нече университеттери менен келишим түзгөн. Бул келишимдер студенттерге Кореянын университеттеринде стажировкадан өтүүгө, ошондой эле тил жана маданият курстарына катышууга мүмкүнчүлүк берет. Бул келишимдердин аркасында корей адистигине катышкан студенттер жыл сайын Корея Республикасынан 100 доллардан 800 долларга чейин стипендия алышат.